**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Джанкорозова М.К.**_______________
**«23» октябрь 2019-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА

# НУСКАМА

## АНАКОСИНУМ
## (Anacosinum)

**Соодадагы аталышы**
АНАКОСИНУМ

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** жок

**Дарынын түрү**
Гранулдар

**1 флакондун курамында**
*Активдүү заттар:* Көк уу коргошун 5C, Барбара өрдөгүнүн боорунун жана жүрөгүнүн экстракты 200C, Дарылык ластовень 5C, Белладонна 5C, Жез 3C, Кууш жалбырактуу эхинацея 3C, Инфлюзинум 9C
*Көмөкчү заттар:* лактоза, сахароза.

**Сүрөттөмөсү**
Флакондордо ак же агыш түстөгү, жылмакай, сфералык гранулдар.

**Фармадарылык тобу**
Гомеопатиялык каражат.

**Фармакологиялык касиеттер**
*Барбара өрдөгүнүн боорунун жана жүрөгүнүн экстракты* клеткалык лизиске багытталган клетка аркылуу болгон иммундук жоопту күчөтөт (негизинен цитотоксиндүү Т-лимфоциттерди жана табигый киллерлерди).
*Инфлюзинум* гомеопатиялык түрдө иммундук системаны активдештирет жана клеткалык жоопту индуцирлейт (макрофагдар, цитотоксиндүү Т-лимфоциттер жана табигый

киллерлер). Инфлюзинум барбара өрдөгүнүн боорунун жана жүрөгүнүн экстрактысынын таасирин синергиялайт.
*Дарылык ластовень* Th1 – лимфоциттердин активдүүлүгүн күчөтөт (гамма интерферону).
*Көк уу коргошун* невралгияларда жана ревматизмдик жабыркоолордо ооруну басуучу каражат катары колдонулат.
*Белладонна* сезгенүүгө каршы таасир берет, мурун көңдөйүндө былжырды бөлүп чыгарууну кыскартат, дем алуу жолдорун ашыкча какырыктан тазалайт. Белладоннанын дем алуу системасына натыйжалуу таасири аны кээ бир аллергиялык реакциялар, өзгөчө чөп бөрү жатышы үчүн натыйжалуу каражат кылат.
*Кууш жалбырактуу эхинацея* табигый антибиотиктин касиеттерине ээ, иммундук системаны жумшак күчөтөт (лейкоциттердин санын жогорулатат жана Т-лимфоциттердин активдүүлүгүн күчөтөт) жана курч респиратордук вирустук инфекциялардын жана колко-өпкө системасынын инфекциялык ооруларынын өрчүүсүн алдын алат.
*Жез* өзүнүн анталгиялык активдүүлүгү менен белгилүү (простагландиндин күчөткүчүнө реакцияны модуляциялоо).

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
- суук тийген ооруларда жана сасык тумоодо дененин жогорку табы, чыйрыгуу, чаалыгуу, дененин оорушу.

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Ичип кабыл алынат.
Чоңдорго жана 2 жаштан жогорку курактагы балдарга:
Алдын ала чара көрүү үчүн: мезгилдүү сасык тумоо учурунда жумасына 1 флакон.
Симптомдор пайда болгондо: 6 саат сайын күнүнө 3 жолу 1 флакондон.

**Ашыкча доза**
Ашыкча дозанын терс натыйжалуу таасирлери жөнүндө маалыматтар жок.

**Кыйыр таасири**
Аллергиялык реакциялар пайда болушу мүмкүн.

**Каршы көрсөтмөлөр**
Дарынын курамдык бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Дарынын башка дары каражаттары менен өз ара таасири жөнүндө маалыматтар жок.

**Жарактуулук мөөнөтү**
Даярдалган күндөн баштап 5 жыл.

**Чыгаруу формасы**
Гранулдары бар 6 флакон, ар бири 1 г дан, 3 төн флакон 2 кутуга таңгакталган.

**Сактоо шарты**
Кургак жана жарыктан корголгон жерде, 25°C дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

**Дарыканалардан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Бхаргава Фитолаб ПВТ. ЛТД.
Е-1216, Фейз-1, Экстеншин, Гхатал,
Бхивади Индастриал Эрия,
Бхивади (Радж.) ИНДИЯ
E-mail : export@bhargavaphytolab.com
Website : www.bhargavaphytolab.com